УДК: 159.9-057.24
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-862-868

**Эрмекбаева А.Б.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
ajvera211214@mail.ru

# ИНДИЯ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ ЙОГА ДАРШАНЫНЫН ТҮШҮНҮГҮН ИНТЕГРАЛДУУ КАБЫЛ АЛУУ (АҢ СЕЗИМ, АДАМ, МАТЕРИЯ, БОЛУМУШ)

**Аннотация:** Бул макала йога философиясы байыркы окуу катарында келип чыгышы жана аң сезим, болмуш, материя адам маселелери каралат. Адамды Руху (руханий субстанция – Пуруша) жана материя (материалдык жаратылыш- Пракрити) адамдын аң сезиминин жогорку трансценденттик «Мен – Дүйнөлүк Дух» жөнүндөгү философиялык категориялар чечмеленет. Ошону менен бирге макаланын борборунда аң сезимдин жана аң сезимсиздиктин табияты камтыган бизге билинбеген терең кубулуштар бар экендиги жана философтор аларды алгачкы аң сезим катарында кароого аракеттенгендиги айтылат. Андан тышкары макалада Пуруша жана пракритинин дуалисттик концепциясын санхья-йога алкагында талдоо, эмпирикалык жана трансценденттик денгээлдердин ортосундагы айырмачылыктар изилденет. Йоганын онтологиялык жана гносеологиялык аспектилери каралып, алардын адамдын манызын тушунуу мааниси талданат. Ошондой эле йога философиясы микрокосмос (адамдын субъективдүү абалы) менен макрокосмос (аалам) ортосундагы ички гармонияны түшүнүүгө жардам берет. Макала йога философиясынын бүгүнкү күндүн маанисин жана руханий өнүгүү үчүн актуалдуулугун баса белгилеп, аны заманбап адам үчүн маанилүүлүгүн көрсөтөт.

**Негизги сөздөр:** Атман, читта, пракрити, пуруша, Самадхипада, Садханапада, Вибхутипада, Кайвальяпада, эпистомология, аң сезим, аң сезимден тышкары, аң сезимсиз, субстанция, будхи, читта вритти, трансценденттик, субстанция, дуализм, гносеология, онтология.

**Эрмекбаева А.Б.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
ajvera211214@mail.ru

# КОНЦЕПЦИЯ ЙОГА ДАРШАН В ИНДИЙСКОЙ ФИЛОСОФИИ КАК ИНТЕГРАЛЬНЫЙ ПОДХОД ВОСПРИЯТИЯ (СОЗНАНИЕ, ЧЕЛОВЕК, МАТЕРИЯ, БЫТЬЕ)

**Аннотация:** в этой статье рассматривается философия йоги как древнее учение и проблемы сознания, бытия, материи, человека.  Также интерпретируются такие философские категории, как Человеческий Дух (духовная субстанция – Пуруша) и материя (материальная природа – Пракрити), которые дают человеческому сознанию приобщение к своему высшему трансценттедному Я – Мировому Духу. В центре внимания находятся вопросы природы сознания, подсознания, бессознательное, которые несут в себе скрытую глубину, и философы

пытаются разгадать как первоначальное сознание. Особое внимание уделяется анализу дуалистической концепции Пуруши и Пракрити в рамках санкхья-йоги, исследуются различия между эмпирическим и трансцендентным уровнями существования. Рассматриваются онтологические и гносеологические аспекты йоги, их значение для понимания сущности человека. Кроме того, внимание уделяется, тому, как философия йоги способствует пониманию внутренней гармонии между микрокосмосом (субъективный мир человека) и макрокосмосом (вселенной). Статья подводит итоги важности философии йоги в контексте современных поисков смысла жизни и духовного развития, подчеркивая ее актуальность для современного человека.

**Ключевые слова:** Атман, читта, пракрити, пуруша, Самадхипада, Садханапада, Вибхутипада, Кайвальяпада, эпистомология, сознание, подсознание, бессознательное, субстанция, будхи, читта вритти, трансцендентное, субстанция, дуализм, гносеология, онтология.

**Ermekbaeva A.B.**
Senior Lecture
Kirgiz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
ajvera211214@mail.ru

## THE CONCEPT OF THE YOGA DARSHAN IN INDIAN PHILOSOPHY AS AN INTEGRAL APPROACH PERCEPTION (CONSCIOUSNESS, MAN, MATTER, TO BE)

**Annotation:**This article examines the philosophy of yoga as an ancient teaching and addresses the problems of consciousness, being, matter, and human existence. It also interprets philosophical categories such as the Human Spirit (spiritual substance – Purusha) and matter (material nature – Prakriti), which provide human consciousness with access to its higher transcendental Self – the Universal Spirit. The focus is on the issues of the nature of consciousness, the subconscious, and the unconscious, which contain hidden depths that philosophers attempt to decipher as the primordial consciousness. Special attention is given to the analysis of the dualistic concept of Purusha and Prakriti within the framework of Sankhya yoga, exploring the differences between empirical and transcendental levels of existence. The ontological and gnoseological aspects of yoga are examined, highlighting their significance for understanding the essence of human beings.Furthermore,attention is given to how the philosophy of yoga contributes to understanding the inner harmony between the microcosm (the subjectiv world of the individual) and the macrocosm (the universe). The article concludes by emphasizing the importance of yoga philosophy in the context of contemporary searches for the meaning of life and spiritual development,highlighting its relevance for modern individuals.

**Keywords:** Atman, Chitta, Prakriti, Purusha, Samadhi Pada, Sadhana Pada, Vibhuti Pada, Kaivalya Pada, Epistemology, Consciousness, Subconscious, Unconscious, Substance, Buddhi, Chitta Vritti, Transcendental, Substance, Dualism, Gnoseology, Ontology.

Дүйнөлүк философия байыркы Индия философиясына таянат жана азыркы учурда актуалдуу болуп эсептелет. Йога философиясы -бул байыркы Индияда пайда болгон байыркы билим системасы, ал азыркы учурда актуалдуу бойдон калууда. Бул Индия философиясы дүйнө таанымы жана өзгөчө ой жүгүртүүсү менен айырмаланат. Бул философияда ар кандай

философиялык мектептер жана багыттар бар жана алардын ичинен өзгөчө орунду ээлеген йога философиясы болуп эсептелет. Йога философиясынын өзгөчөлүгү анын азыркы кездеги коомдогу болуп жаткан процессстердин оң жакка таасир этүүсүнө өбөлгө түзөт. Анткени йога философиясынын негизги жобосу адамдын өзүнө өзү, ички абалына көңүл буруусуна таянат. Адамдын ички дүйнөсүн өркүндөтүү, өзүн өзү таанып билүүгө умтулуусу дайыма философияда актуалдуу болуп келген жана азыркы күндө өзгөчө орунду ээлейт. Адам өзүн өзү таанып билүүгө умтулса, анын акыл-эсинин мүмкүнчүлүктөрү кенейет. Демек ал коомдун өнүгүүсүнө, өсүшүнө көмөктөшөт, дүйнөгө болгон кабыл алуусун, ой жүгүртүүсүн өзгөртөт, чындыкты таанып билет, бул адамдын статусунун онтологиялык өзгөрүшүнө оң таасир тийгизет. Бизди кызыктырган тема йога философиясынын уникалдуулугу, универсалдуулугу, трансценденттүү билим жөнүндө ой жүгүртүү, чындыкты таанып билүүнүн өзгөчө методу, адеп ахлактуулуктун мыйзамдары болуп эсептелет.

Йога философиясы азыркы учурдагы коомдо орун алган маселелерди чечүүгө жол ачат, жашообуздун талабына жооп берет. Ал догмалардын жыйындысы эмес, тарыхый эстелик эмес, йога философиясы бул-адамдын түпкү маңызына кайрылуу. Адам дүйнөнү, сырткы кубулуштарды таанып билет, бирок адам өзүн өзү таанып билсе, ал дүйнөнү таанып билет, аалам, космос сыры адамдын ичинде катылган.

Философиялык сөздүктөрдө «йога» санскрит тилинен которгондо «байланышуу», «ой жүгүртүү», «биригүү» деп түшүндүрүлөт. Бирок бул терминдин мааниси ушуну менен гана чектелбейт. Мисалы, индиялык көрүнүктүү философ Сарвепалли Радхаркришнан йога деген сөз «метод» деп белгилейт. Ал эми Махариша Патанджалинин оюу боюнча йога бул «аракет», «чыңалуу» ойду топтоо, чогултуу деп түшүндүрөт. Йога философиясы б.з.ч. II кылымга таандык жана Патанджали «Йога сутрасы» эмгегинде камтылып системалаштырылган. Бул эмгек йоганын теориялык жана практикалык жактан изилдоо учун негизги булак болуп саналат. «Сутра» деген сөз байыркы Индияда афоризм, кыска сөз дегенди түшүндүргөн. «Йога сутра» 4 бөлүктөн туруп, 195 кыска афоризм болуп жазылып, эпистомологиялык, онтологиялык, гносеологиялык, антропологиялык философиялык маселелер каралган. 1. (समाधि पाद (५१ सूत्र) –Самадхипада (51сутр) –бул бөлүгүндө йоганын аныктамасы жана максаты жазылат. 2. (साधना पाद (५५ सूत्र) - Садханапада (55-сутр) – руханий окуу деп түшүндүрүлөт жана ал учун керектүү аракеттер жана жолдор жөүүндө сөз болот. 3. (विभूति पाद (५५ सूत्र) – Вибхутипада (55сутр) – этика жана эстетика маселелери каралат. 4. (कैवल्य पाद ३४ सूत्र) - Кайвальяпада(34сутр) – аң сезим, рух, материя категорияларынын байланыштары каралат. Ошол биричи бөлүмү Самадхипада же ой жүгүртүү деп аталып (сутра 1-51) йога жөнүндө түшүндүрүлөт. Биринчи бөлүмүндө Саматхипадада Патанджалинин Йога Сутрасында йога төмөнкүдөй берилет: «**योगश्चित्तवृत्तिनिरोधः ॥१.२॥** योगः, चित्त , वृत्ति , निरोधः ॥» [10, 2.1 ] «Йога» бул «Читта Вритти Databases Databases» деп тушундурулуп, йога бул акылга мунөздүү толкундоолорду оздуктоо, тизгиндөө деп жазылат. Жел ойлорду, иллюзияны жараткан акыл-эсибиздин иш аракетин токтоткондо, адам руханий баштапкы абалына кайрылып келип, трансценденттүү болумушундагы эркиндигине чыгат. Индиялык философ Сарвепалли Радхакришнан китебинде төмөнкүдөй жазылат: «Йога, согласно Патанджали является систематическим усилием, употребляемым для достижения совершенства посредством контроля над различными элементами человеческой природы – физическим и психическим» [7, 168 с.]. Йога философиясынын Ведалык текстерден жана

улуу эпостордон, мисалы, «Бхагават-Гита», «Махабхарата» Упанишаддардан башталат, алар йога философиясынын эволюциясын тушунуугом маалымат берет.

Индия философиясында йога алты ортодоксалдык философиялык мектептин ичинен бири болуп эсептелет. Ал байыркы жана орто кылымда калыптанган Индиянын бүгүнкү күндөгу диний философиялык мектеп катарында адамды руханий жактан таанууну көздөгөн, ошондой эле даанышмандыктын руханий үлгүсү, адамдын жашоосундагы жогорку максатттарга жеткирүүчү жол катарыныда каралат. Йога Веданын авторитетин колдогон диний мектептеринин бири жана адамды өзүн өзү таанып билүүгө жардам берген метод катарында түшүндүрүлөт. Көптөгөн философтордун ою боюнча байыркы Индия философиясынын негизги булагы болуп йога системасы саналат. Йога санхья философиясынын негизинде өнүккөн философиялык мектеп, башкача айтканда санхья жана йога бир көз карашты алып жүргөн система. Ошондой эле Рамачараканын оюун белгилеп кетүү керек: «Махабхарата» говорит: «Тот умен, кто видит в санхье и в йоге одно» [6, 501 с.]. Ошондуктан йоганы «санхьяйога» деп атап коюшат. Санхья санскрит тилинен «сан» деген түшүнүгүн берет. Санхьяда метафизикалык философиялык дүйнөнүн түзүлүлүшүнүн түшүнүгүн санап чыгышып, жыйырма беш бөлүмдөн турган. Ошону менен бирге Санхья башка абстрактуу мааниге ээ болуп, философиялык ой жүгүртүүлөр, чыныгы билим түшүндүрүлөт. «Иными словами, йога у Патанджали и Вьясы выступает особым орудуем управления личным сознанием, беспорядочные движения которого не позволяет человеческому духу вырваться в сферу космического Сверхсознания. Логика здесь такова: чтобы человеческий дух смог ощутить трансцендентный «вкус» сверхсознания, а затем приобщиться к нему, необходимо устроить ментально-психический хаос внутреннего мира человека» [1, 13с.].

Йоганын онтологиясында, Санхьяда дагы бир канча фундаменталдык философиялык ойлор камтылган. Түздөн түз йога философиясына кирүү менен бар болгон болумушту өзүнө камтыган эки негизги категорияны болуп карайбыз. 1. Жалпы онтология жана космология, ал санхьянын онтология жана космологиясына окшош. 2. Антропология жана этика. Йога онтологиясы дуалисттик көз караштагы болумушту камтып турган эки категорияны карайт. Бул Пуруша жана Пракрити руханий жана материалдык субстанция. Ошондой эле анда негизги идеялар жана тезистер конспект түрүндө жазылган Ал карама-каршылыктар Рух же (Пуруша), жаратылыш же космос (пракрити) эки биринчи башталыштар бири бирине көз карадысыздык реалдуулугунда каралат. Пуруша бул түбөлүктүү дух руханий башталыш, бул адамдын баштапкы таза аң сезими, ааламдын руху. Патанджалини йога сутрасында Материалдык жана руханий субстанциялар төмөнкүдөй жазылат: «निमित्तमप्रयोजकं प्रकृतीनां वरणभेदस्तु ततः क्षेत्रिकवत् ॥ ४.३ ॥ निमित्त, प्रयोजकं, प्रकृतीनां, वरणभेदस: , ततः, क्षेत्रिकवत्॥» [10, 43 с.]. Ал Пракритиге окшоп форма түрүндө мүнөздөлбөйт, элестетүүгө мүмкүн эмес. Адамдагы Пуруша – бул таза ан сезим, анын руху жана чыныгы «Мен». Йога философиясынын көз карашында индивидуалдык жан көптөгөн майда бөлүктөрдөн туруп пракрити аркылуу чыгат. Биздин чыныгы «Мен» бул түбөлүктүү жана өзгөрүлгүс деп берилет.

Йога философиясынын антропологиясында адамдын ички дүйнөсү сырткы болумушка ылайык келет. Бул концепция боюнча, адам микрокосмос катарында каралып, өзүнүн структурасында сырткы макрокосмоско иденттүү. Демек, адам пуруша менен пракритинин байланышынын жыйынтыгы. Пуруша пракритиден айырмаланып өзгөрүүлөргө дуушар эмес. Будхи Махат бул пракритинин өнүгүшүндөгү стадиясы жана ааламдын негизи. Мында

материянын эволюциялык стадиясында индивидуалдык Буддхи жаралат – бул адамдын психикасыны негизи жана санскрит тилинен которгондо буддхи-बुद्धि) ойгонуу, сергек болуу, байкоо, кунт коюу, катышуу, үйрөнүү, аңдоо, билүү, аң-сезимдүү болуу"дегенди билдирет. Будхи , адамдын аң сезиминин (Пуруша) чагылдырылышы болуп саналат жана ал дайыма идеалдуулукка, абсолюттук чындыкка умтулат. Будхи йога сутрада төртүнчү бөлүгүндө Кайвальяпадада төмөнкүдөй берилет: ”चितेरप्रतिसंक्रमायास्तदाकारापत्तौ स्वबुद्धिसंवेदनम् ॥ ४.२२॥ चिते: अप्रतिसंक्रमाया: तदाकार-आपत्तौ, स्वबुद्धि-"संवेदनम् ॥ [10, 4.22]. Бул жерде Будхи ан сезимдин чагылдырылышы катары каралат, ал адамдын ичкидуйносунун терендигин жана анын материалдык дуйно менен болгон байланыншын корсотот Йога философофиясы аркылуу адамдын ички дуйносу сырткы дуйно менен тыгыз байланышта экендиги тушундурулот. Адам микрокосмос катары макрокосмостун элементтерин озуно камтыйт, бул болсо анын руханий өсүшүнө жана аң сезиминин тереңдешине өбөлгө түзөт. Пуруша менен Практритинин ортосундагы байланыш чыныгы табияттын жана абалын түшүнүүгө жардам берет. Будхи концепциясы болсо , адамдын психикасынын негизин түзүп , анын аң сезимдүүлүкко жетишүүсүн камсыздайт.

Болумуштун эң жогорку аспектиси Атман эсептелген. Дүйнөлүк жан же болбосо Дүйнөлүк дух. Бирок Атман түшүнүгү йога философиясында метафизикалык «пуруша» терминин руханий субстанция же руханий жаратылыш катарында түшүндүрсөк болот. Санхья-йога Атманды эки негизги түргө бөлөт. 1. Жогорку атман бул Ааламды жаратуучу жана адамдын рухунун топтолушу б.а. көптөгөн психикалык руханий субстанциялар. 2. Ан сезим субстанционалдык негизге ээ эмес. Ал озгочолонгон дуйнолук духтан элестетилген жогорку материалдык жаратылыштан чыгат жана бир гана дуйнодогу субъект бул дуйнолук дух (Пуруша жана Атман). Патанджалинин Йога сутрасында төртүнчү бөлүгүндө пракрити материалдык субстанция жөнүндө төмөнкүдөй берилет: «जात्यन्तरपरिणामः प्रकृत्यापूरात् ॥४.२॥ जाति-अन्तर-परिणाम: प्रकृति,आपूरात् ॥» [10.,4.2] Пракрити баардык кубулуштун маңызы, ал түбөлүктүү, бирдиктүү, алгачкы субстанция. Ошол нерселерден аалам жана дуйнонун материалдык негизи жаралат, демек ал объективдүү реалдуулуктун субстраты. Алгачкы Пракрити материя эч кандай сырткы себептер менен шартталбайт, анткени материянын башталышы дагы аягы да жок. Бул баштапкы себеп Пракрити деп түшүндүрөт. Анткени дүйнөнүн баардык кубулуштары чектелген жана көз каранды, бирок чексиз жана көз карандысыз себеп болуш керек, анын себеби Пракрити материя болуп эсептелет.

Аң сезим субстанционалдык негизден турбай, ал жогорку материалдык жаратылыштан чыккан дуйнолук духтан (Пуруша, Атман) элестетилет. Бул философиялык концепция боюнча, индивидуалдык аң сезим терең диалектикалык жаратылышты өзүнө камтыйт жана материалдык дүйно менен тыгыз байланышта болот. Адамдын аң сезими материалдык чөйрөдөн бөлүнбөйт. Ал ошол чөйрөдөн келип чыгат, түшүнүүгө аракет кылат бул диалектикалык процесс аркылуу адам өзүнүн ички дүйнөсүн изилдеп, дүйнөнүн объективдүү реалдуулугун тааныйт. Аң сезим - бул адамдын дүйнө менен болгон байланыштарын жөнгө салуунун жогорку формасы. «Пракрити (материя) – это все, что мы видим, слышим, осязаем или способны почувствовать каким-либо другим способом. Это все что могут регистрировать самые совершенные приборы от мельчайших частиц до объекта космического масштаба. В понятии Пракрити заключена вся вселенная, все физические объекты и энергетические поля» [4, 47 с.]. Пракрити - бул бардык кубулуштардын маңызы, алгачкы субстанциясы, материя, жаратылыш - ошол нерселерден аалам, дүйнөнүн

материалдык негизи жаралат. Демек ал объективдүү реалдуулуктун субстраты, бардык кубулуштардын манызы жана алгачкы субстанциясы болуп саналат. Жыйынтыктап айтканда, йога философиясындагы негизги түшүнүктөр Пуруша жана Пракрити болуп саналат. Пуруша руханий башталышты, түбөлүк аң сезимди, ал эми пракрити материалдык дүйнөнү, реалдуулукту билдирет. Бул эки башталыш бири бирин толуктап тургандай, бирок бир убакта көз карандысыз болуп эсептелет.

Аң сезимсиздин ишмердүүлүгү боюнча «Классическая йога» китебинде кызыктуу көз караш төмөнкүдөй көрсөтүлөт: «Необходимо отметить, что деятельность сознания — истинное познание, заблуждение, ментальное конструирование, сон и память, оцениваемые по шкале «загрязненное — незагрязненное» в случае, когда она опосредована актуальными аффектами, служит полем для закладки потенциальных аффектов. Они формируют диспозиции будущей деятельности, являясь бессознательными следами прошлой (karmasaya)» [2, 17 с.]. Демек, аң сезим унутуп калган процесстер аң сезимсиз абалда акыл-эсте сакталып кала берет, ал эч жакка жоголуп кетпейт. Адам өзүнүн башынан өткөн аң сезимсиз акыл-эсте сакаталган тажрыйба адамдын ой жүгүртүүсүнө, жашоосуна, жүрүм-турумуна таасир этет. Австриялык философ жана психоаналитик Зигмунд Фрейддин изилдөөлөрүндө аң сезимсиз адамдын жашоосунун маанилуу фактору каралат. «В своих исследованиях Зигмунд Фрейд утверждал бессознательное как важнейший фактор человеческого измерения и существования. Фрейд представил бессознательное как могущественную силу, которая противостоит сознанию. Согласно концепцию З. Фрейда сознание полностью не контролирует человека. Фрейд стремился показать, что сознательная жизнь является только малой частью всей жизни человека и процесс нашего сознания строго детерминируется бессознательными факторами то есть бессознательное является ядром нашей индивидуальности». [12, 265 с.].Фрейд аң сезимсизди акыл-эске каршы турган күч катары көрсөтөт. Анын концепциясына ылайык , акыл-эс адамды толук контролдой албайт жана аң сезимдүү жашоо адамдын жалпы жашоосунун кичинекей бөлүгү экенин белгилеген. Демек ал биздин акыл-эс процессибиз толугу менен аң сезимсиз факторлор тарабынан аныкталганын көрсөтүүгө аракет кылган жана аң сезим менен аң сезимсиздин ортосундагы өз ара аракетешуу бул процесстерди аңдап түшүнүүнүн маанилүүлүгүн баса белгилейт.

Йога философиясы дүйнөнү, адам өзүн-өзү таанып билүүнүн логикалык далилдөө эмес башка методун көрсөтүп жатат, ал дүйнөнү кабыл алуу, дүйнө менен өз ара байланышуу. Ошондой эле йога философиясы сырткы кубулуштарга, процесстерге изилдөөгө багытталган эмес, ал адамдын ички абалына, маңызына, дүйнөсүнө, өркүндөп өнүгүүсүнө басым жасайт. Өзгөчө бул философиянын борборунда адам жана анын адеп- ахлактуулугу турат. Демек, йога философиясы жалган идентификациядан аң-сезимди боштондукка чыгаруу жолу катары кароого болот. Башкача айтканда, бул руханий көз караштын ачылышы, "Мендин" маңызын кайтарып берет. Акыл-эс сырткы объектилерге багытталганда ал чындыкты таба албайт. Чындыгында, рух же таза аң сезим өзүнүн табиятында бүтүн, бөлүнгүс, кыймылсыз жана өзгөрүлгүс. Адамдагы рух акыл менен денеге көз каранды болгондуктан, рух өзүн толук ачыктай албайт. Йога философиясы адамдын баардык суроолоруна гана жооп беребестен, анын көйгөйлөрүн жана азаптарын жеңүүнүн илимий жолун камсыздайт. Анын үстүнө йоганын философиясы эч бир динге же ишенимге каршы келбейт жана чындыкты издөө жолуна түшкүсү келген ар бир адам аны кабыл алат.

Йога философиясы илим катары инсандын аң сезимин жана материалдык дүйнөсүн бир бүтүн катары карап, адамдын чыныгы табиятын ачууга көмөктөшөт. Демек, адамдын маңызы

Пуруша менен Пракритини бириктирип, акылды жалган идентификациядан арылтат. Адамдын өзүнүн ички дүйнөсүнө кайрылуусу , анын руханий өсүшү жана гармонияны табуусу - бул бүгүнкү күндүн негизги талаптарынын бири. Башкача айтканада, «менди» өзүнүн табиятына кайтарган руханий көрүнүш катарында ачат. Йога философиясы азыркы учурда актуалдуу анткени адамдын өзүн өзү таанып билүүгө умтулуусу коомдун өнүгүүсүнө жана прогрессине өбөлгө түзөт. Адам өзү үчүн өзү табышмак жана адам маселеси дайыма философиялык ой жүгүртүүлөрдүн борборунда турат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Аблеев С.А Философия классической йоги. Освобождение сознание и горизонты человеческого духа в трактатах «Йога сутра» и «Йога Бхашье. Издание четвёртое, переработанное и дополненное. – М: Амрита-Русь, 2015. – 260 с.
2. Классическая йога («Йога-сутры» Патанджали и «Вьяса –Бхашья») перевод с санскрита, Введение, комментарии и реконструкция системы Е.П.Островской и В.И. Рудного – Москва. 1992. – 259с.
3. Мел Томпсон Восточная Философия / Пер. с англ. Ю.Бондарева. М.: ФАИР-ПРЕСС, 2000. – 384 с.
4. Николаева, Л.С. Н 63 Философия [Текст]: учебник. Часть 1. История мировой философии / Л.С. Николаева, А.Ф. Поломошнов. - Персиановский: Донской ГАУ. 2017. – 266 с.
5. У. Патанджали Йога сутра.
6. Рамачарака Религии и тайные учение Востока. – М: Изд-во Эксмо, 2002. – 800с (Серия «Великие посвящённые»). / Перевод под редакцией О Колесникова
7. Радхакришнан С. Индийская философия (в 2-х томах) 2 том [1993, PDF] RU Traker.org – 394 с.
8. Современный философский словарь /Под общей редакцией д.ф.н. профессора В.Е Кемерова. -2-изд., испр. И доп. – Лондон, франфрукт – на – майне, Париж, Люксембург, – Москва, Минск/ Панпринт, 1998. – 1064с.
9. Свами Сатьятьянанда Сарасвати Йога Сутра комментарии Минск Ведантамала, 2006. – 386 с.
10. पतञ्जलि योगसूत्र
11. PatanjaIi Yog Sutra 4.22 - Patanjali Yog Sutra (patanjaliyogasutra.in) дата обращения 30.05.2023.
12. Эрмекбаева А.Б Понятие бессознательного в западной философиии Вестник Кыргызского Государственного университета имени И.Арабаева №2, 2021. – 332 с.


**Рецензенттер: философия илимдеринин кандидаты Качкынова А.Т.**
**философия илимдеринин кандидаты Субанбекова М.Ш.**